ISSN 1694-7681

# ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
БАТКЕНСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
КЕНСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ

Тастыктаймын
Окмон катчысы, ф.и.к.: [signature] Мурзаиева Н.Ш.

ISSN 1694-7681

ЖУРНАЛ «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ»
ОСНОВАН 2001 ГОДУ, ПЕРЕИМЕНОВАН
В «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА»
В 2015 ГОДУ, ВЫХОДИТ ЕЖЕМЕСЯЧНО

Зарегистрирован
в Министерстве юстиции
Кыргызской Республики
Регистрационный № 673
от 19 декабря 2001 года

**Республиканский научно-теоретический журнал**

# ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

## № 2, 2016

БИШКЕК – 2016

КАНЦЕЛЯРИЯ

Тастыктаймын
Окмун катчысы, ф.и.к.: Минзамиева А. И.

*Айдарова М.Д., Эргешали кызы Актилек*

# МУГАЛИМДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНЫН КАЛЫПТАНУУСУНДАГЫ ИНСАН МАСЕЛЕСИ

*Айдарова М.Д., Эргешали кызы Актилек*

# ПРОБЛЕМА ЛИЧНОСТИ В ФОРМИРОВАНИИ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ УЧИТЕЛЯ

*M.D. Aidarova, Ergeshali kyzy Aktilek*

# PROBLEM OF THE PERSONALITY IN FORMATION OF PEDAGOGICAL CULTURE OF THE TEACHER

*УДК: 370/19.1*

*Бул макалада мугалимдин педагогикалык маданиятынын теориялык негиздери жана педагогикалык маданияттын кээ бир компоненттерге талдоого алынды.*

***Негизги сөздөр:** инсан, руханий маданият, материалдык маданият, жеке сапаттар, жүрүм-турум сапаттары, интеллектуалдык сапаттар, кесиптик чеберчилик сапаттары.*

*В этой статье рассматриваются теоретические основы педагогической культуры учителя и анализированы некоторые компоненты педагогической культуры.*

***Ключевые слова:** личность, духовная культура, материальная культура, личностные качества, нормы поведения, интеллектуальные качества, профессиональное мастерство.*

*In this article it is considered theoretical bases of pedagogical culture of the teacher and анализированы some components of pedagogical culture.*

***Key words:** personality, spiritual culture, material culture, personal qualities, norms of behaviour, intellectual qualities, professional skill.*

Республикабыздын азыркы социалдык-экономикалык шартында билим берүү системасында көптөгөн реформалар, жаңылануулар болуп жаткан менен реалдуу чөйрөдө, билим берүү мекемелеринде конкреттүү натыйжаларга ээ боло турган, ааламдашуунун шартына туруштук бере турган маселелер өздөштүрүүгө, иликтөөгө, анын сырларын изилдөөгө муктаж бойдон калууда. Ал эми, билим берүү, окутуу, тарбиялоо процессинде инсанды калыптандырууда субъект катары негизги таасир берүүчү рычаг мугалимдин ишмердүүлүгү болуп саналгандыктан, билим берүү мекемелеринин педагогикалык маданияты жогорку деңгээлдеги мугалимге болгон муктаждыгы күн санап өсүүдө. Арийне, бүгүнкү мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгү анын руханий жана материалдык маданиятына, инсандык жана кесиптик сапаттарына байланыштуу аныктамалары белгилүү. Бул багыттагы маселелерди иликтөөдө эң алгач инсандын руханий маданияты жөнүндө конкреттүү аныктамаларды аныктоо зарылдыгы жаралат. Адам өзүнүн өнүгүү жолунда психикалык системалардын жетишкүүчүлүгүн өзүнө алат. Адамдын таанып билүү процессинин өнүгүшү, коомдун талабына жараша жооп берүүсү инсан деген түшүнүктү билдирет. Ал эми инсан деген түшүнүктүн өзү өтө татаал, түрдүү аныктамаларды өз ичине алат. Инсан болуу үчүн адам ар тараптан калыптанып, биологиялык, социалдык, коомдук талаптарга жооп берүүсү зарыл. Психология илиминде инсанды изилдөө түрдүү көз караштарга ээ. Инсанды изилдөө ар бир илимде өзүнчө каралат. М: Политология инсандын коомдук-саясий көз караштарын, социология инсанды чөйрөдөгү социалдык жана демографиялык группалардын мүчөсү катарында, этика инсандын моралдык сапаттарын, педагогика инсанды окутуу жана тарбиялоо обьектисин, психология инсандын өнүгүүсүнүн жана калыптануусунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн үйрөтөт. Психология илиминде инсанга аныктама берүүдө окумуштуулар түрдүү ой-толгоолорун билдиришкен. Мисалы: А.Н.Ковалев "Инсан – коомдук мамилелердин субъектиси жана обьектиси".

А.Н. Леонтев "Инсан – бул ишмердүүлүктүн субъектиси", С.Л. Рубинштейн "Инсан – ички жана сырткы мамилелердин шарттарын өздөштүрүүчү процесс", К.Маркс "Инсан – өсүп-өнүгүүнүн жогорку стадиясы" ж.б.

Демек, инсандын социалдык багытталгандыгы, мамилелеринин жана керектөөлөрүнүн системасы, мотивдери, идеалдары, көз караштары, тажрыйбасы, билими, билгичтиги, жөндөмдүүлүгү – анын инсандык өзгөчөлүктөрүн түзөт. Мына ушундай аныктамаларга таянып, педагогдун инсанын биринчиден коомдук талапты аткаргандыгы менен, экинчиден кесибине ылайык теориялык жана практикалык даярдыгы менен, үчүнчүдөн педагогикалык ой-жүгүртүүлөрүнүн өнүгүүсү менен мүнөздөөгө болот. Ал эми, педагогикалык ой жүгүртүүдө алгач мугалимдин негизги ойлору пайда болуп, аны өзгөчөлөнгөн ыкма менен ишке ашырат жана ошол көндүмдөрдү кырдаалга жараша колдонуу ыгын өздөштүрөт. Көрүнүктүү орус философу, саясый ойчул Иван Александрович Ильин "Руханий жаңылануга карай жол" деген китебинде борборунда инсандын руханий өнүгүш маселелери жана аны өркүндөтүү проблемалары турган көз караштарын баяндайт. Ал инсандын руханий бейнесин түзгөн: ишеним, сүйүү, эркиндик, ар-намыс, үй-бүлө, ата-мекен, укук жана башка негизги түшүнүктөрдү карап чыгат.

Руханий маданияты жетик чөйрөнү түзүү үчүн чөйрөдөгү инсандардын баарысы руханий азык алып тура турган борбор түзүлүүгө тийиш. Ал борбордун жарык нуру күн сыяктуу айланага тегиз чачырап туруусу өтө маанилүү. Мына ушундай чөйрөдө

гана руханий маданияты бийик болгон инсандарды тарбиялоого жана калыптандырууга болот.

"Мамлекет өз жарандарынын рух адамдары болуп калыптанышына камкордук көрүүгө милдеттүү. Руханиятсыз адам коому – бул макулуктардын коому" – деп И.П. Подласый белгилегендей, келечек муундарды рухий-адептик жактан тарбиялоо үчүн мугалимдин руханий маданиятынын деңгээли негизги орунда турат. Мугалимдин руханий маданиятынын деңгээли жөнүндө сөз болгондо, мамлекеттин социалдык-экономикалык абалы жана мугалимге көрүлүп жаткан камкордуктар канчалык деңгээлде экендиги маанилүү болуп эсептелет. Анткени, мугалимдин руханий маданиятын толуктап турган материалдык маданияты да бул маселелердин чечилишине өз таасирин тийгизээри анык болуп турат. Мугалимдин материалдык маданиятынын маңызын – анын эмгек акысы түзөт. Статистикалык маалыматтарга таянсак, 2014-2015-окуу жылына чейин жаңыдан иштеген мугалимдин бир ставка окуу жүктөмү менен бир айлык эмгек акысынын орточо көлөмү беш миң сомду түзлү. Бул сумма азыркы базар экономикасынын шартында күндөлүк керектелүүчү муктаждыктардын канчалык пайызын канааттандырат? – деген суроого жооп табууга кимдин кудурети жетет. Албетте, бул маселе мамлекетибиздин социалдык-экономикалык абалы менен түшүндүрүлөт. Мамлекеттин социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу үчүн интеллектуалдык деңгээли, ой-жүгүртүү жөндөмү бийик болгон, кесиптик-инсандык сапаттары жогорку деңгээлде өнүккөн адистердин даярдалышы жана мындай адистерди даярдоого багыт бере турган нарк-дөөлөттөрдүн системасы зарыл болуп турат. Бул система мугалимдин инсандык сапаттарынын маңызын түзүп турган индивидуалдык, жеке өзгөчөлүктөрүн, жүрүм-турум маданиятындагы өзгөчөлүктөрүн, мамилелешүү маданиятындагы өзгөчөлүктөрүн жана кесиптик сапаттарынын маңызын түзгөн интеллектуалдык деңгээлин, кесиптик чеберчилик сапаттарын өз ичине камтыйт.

Психологиялык малыматтарга таянсак, жеке адам укмуштуудай өтө көп сандагы индивидуалдык өзгөчөлүктөргө ээ. Алардын пайда болушу – татаал көрүнүш. Чексиз ар түрдүү объективдүү мамилелер баш мээде чагылып, личносттун негизги касиеттеринин пайдубалын түзөт жана калыптандырат. Алардын айрым туруктуу касиеттери белгилүү деңгээлди мүнөздөй алат.

Индивидуалдуу өзгөчөлүктөргө психикалык касиеттер, адамдын самотикалык белгилери, бойдун узундугу, фигурасы, скелеттердин өнүгүүсү, булчун эттердин түзүлүшү кирет.

Адамдын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнүн санын орус тилинде 1,5 миңге, грузин тилинде 4 миңге, англис тилинде 17958ге жеткирип санап жүрүшөт. Адамдын мындай чексиз касиеттеринин ички структурсын табуу өтө кыйын, илимде али бир жактуу чечиле элек.

Чет элдик психологдор личносттун эки подструктурасын белгилешет:

1. Личносттун эндопсихикалык подструктурасы. Бул – адамдын личностунун ички механизми. Эндопсихикалык касиеттерге ээ болгон личносттор баамчыл, эстөөсү күчтүү, ойлоо, элестетүү жөндөмү артык жана эрктик аракеттерге жана импульсивдүүлүк касиеттерге ээ.

2. Личносттун экзопсихикалык подструктурасы. Бул личносттун тышкы чөйрөгө болгон мамилесин мүнөздөйт. Мындай личносттордо кызыгуу, ышк, идеалдар жана калыптанган маалыматтар негизги орунда болот.

Личносттун структурасы жөнүндөгү проблеманын чечилүүсүнө салым кошуу үчүн советтик психолог А.Г.Ковалев да өзүнүн изилдөөлөрүн жүргүзгөн. Ал личносттун структурасына темпераментти, багытталыш касиетти (талап, кызыгуу, идеал) жана жөндөмдүүлүктү киргизет. Мындан тышкары адамдын табигый касиеттерин да кошот.

К.К. Платонов личносттун подструктурасынын башка вариантын сунуш кылат. К.К. Платоновдун сунуштаган варианты боюнча карай турган болсок, ал биринчи подструктурага личносттун социалдык чөйрө менен шартталган өзгөчөлүктөрүн, багытталыштын түрдүү формаларын, мамилелерди, моралдык сезимдерди, интеллектуалдык-эстетикалык жана саясий-моралдык өзгөчөлүктөрдү киргизет. Экинчи подструктурасын окуу жана практикалык иш – аракеттеринин негизинде пайда болгон маалыматтар, машыгуулар, өнөкөттөр, ыктар түзөт. Үчүнчүсү адамдын жекече психикалык өзгөчөлүктөрү (байкагычтыгы, эсинин түрлөрү, көңүл буруусу, психикалык процесстеринин аракеттери) менен байланыштуу. Личносттун төртүнчү подструктурасына биологиялык негиздеги (темперамент, шык, инстинг, жөнөкөй таланттын түрлөрү) өзгөчөлүктөрү кирет.

Жогорудагы изилдөөлөрдө белгиленгендей, инсандын калыптануу процесси татаал социалдык психологиялык, саясий-моралдык өзгөчөлүктөр менен шартталат.

Ал эми, бул маселелер кыргыз элинин нарктуулугунун, барктуулугунун рухий көрөңгөсү катары калк казынасында катылып келген. Мисалы: "Ала-Тоо асыл жер үчүн, калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин" – Манас. "Денем афган жеринде калса калсын, жүрөгүмдү Алайга алып барып көмгүлө" – Курманжан датканын уулу Абдылдабектин керээзинен "Зөөкүрдү чабар камчы бол, кургак жерге тамчы бол, дүлөйлөргө кулак бол, чөлдүү жерге булак бол, аргымак минген баатыр бол, алсыздарга жакын бол, жетимдерге көмөк бол, канкорлорго касап бол, калп айтканга мазак бол, урууларга айгак бол, ушакчыга сайгак бол, эрегиш чыкса элчи бол, эл-журтуңдун кенчи бол, кара өзгөй болбой калыс бол, кошоматтан алыс бол, жери жокко конуш бол, эти жокко сонун бол" – улуу акын Жеңижоктун бул осуятында адамдык-атуулдук, патриоттук жүрүм-турумдун бүтүндөй бир кодекси, программасы берилген. Бүгүнкү мугалимдин мындай сапаттарды өзүнө калыптаары, аны педагогикалык ишмердүүлүгүнүн негизи катары алып жүрөөрү жөнүндөгү маселе көңүл бурууга муктаж бойдон калууда.

Тастыктаймын
Окуу катчысы, ф.и.к. [signature] Мингашева Н.Ш.

Ошондой эле, мугалимдин инсандык сапаттарын жалпы сапаттар жана жеке өзүнө тиешелүү болгон индивидуалдык сапаттар деп эки топко бөлүп талдап көрөлү.

Мугалимдин жалпы инсандык сапаттары: адептүүлүк, интеллектуалдуулук, эрктүүлүк, эмоционалдуулук, туруктуулук, гумандуулук, этномаданияттык сапаттар.

Мугалимдин индивидуалдык сапаттары: ак ниеттүүлүк боорукердик, адамгерчиликтүүлүк, кечиримдүүлүк, чыдамкайлык, токтоолук, камкордук көрө билүүчүлүк, сылыктык, жөнөкөйлүк, мээримдүүлүк, адилеттүүлүк, чынчылдык, ыймандуулук, адептүүлүк, шайырдык, чыдамкай, туруктуу, сабырдуу, сезгич, нравалык тазалыгы, ишеним көрсөтө билүүчүлүк, чечендик, эмоционалдуулук, эрктүүлүк, сыйлай билүүчүлүк, мактай билүүчүлүк, чечкиндүүлүк, кайраттуулук, акылдуулук, баамчылдык, намыскөйлүк, кайрымдуулук, сезимтал, кичи пейил, жоомарт, сыпайы, кыраакы, керек учурда куудул, айкөл, ийкемдүү, абийирдүү, аң-сезимдүү, назиктик, кадырлуу, күйүмдүү, зээндүү, ачык көңүл, акыйкатчыл, оор басырыктуулук, кең пейил, уга билүүчүлүк, рухий сулуулук, арууулук, ж.б.

Бул сапаттар бүгүнкү мугалимди канчалык деңгээлде коштоп жүрөөрү изилдөөнү талап кылган маселе экендигин белгилөөгө болот.

**Адабияттар:**


1. Айдарова М.Д. "Педагогикалык маданият" - Б., 2012.
2. Елканов С.Б. Основы профессионального самовоспитания будущего учителя. - М., 1989.
3. Ильин Е.Н.Искусство обучения, (опыт: поиск, проблемы, находки) - М.,1982.
4. Елканов С.Б.Основы профессионального самовоспитания будущего учителя. 1989.
5. Платонов К.К.Проблемы способностей. - М.,1972.
6. Скульский Р. П.Учиться быть учителем. - М. Педагогика, 1986.


**Рецензент: д.пед.н. Рысбаев С.К.**

КЕНСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ



Тастактаймын
Окмуштуу кеңештин катчысы, ф.и.к.: Мырзалиева Н.Ш.

*Айдарова М.Д., Эргешали кызы Актилек*
МУГАЛИМДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНЫН КАЛЫПТАНУУСУНДАГЫ ИНСАН МАСЕЛЕСИ....................................160
*Айдарова М.Д., Эргешали кызы Актилек*
ПРОБЛЕМА ЛИЧНОСТИ В ФОРМИРОВАНИИ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ УЧИТЕЛЯ..160
*M.D. Aidarova, Ergeshali kyzy Aktilek*
PROBLEM OF THE PERSONALITY IN FORMATION OF PEDAGOGICAL CULTURE OF THE TEACHER........................160

*Афаг Гасым гызы Гасымова*
ЖОГОРКУ МЕКТЕПТЕ АЗЕРБАЙЖАНДЫН ТАРЫХЫ БОЮНЧА СЕМИНАРЛАРДЫ УЮШТУРУУНУ ОКУТУУНУН ЖАҢЫ СТРАТЕГИЯЛАРЫН ПРАКТИКАДА КОЛДОНУУ ЖӨНҮНДӨ..........................................163
*Афаг Гасым гызы Гасымова*
ИЗ ПРАКТИКИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ НОВЫХ СТРАТЕГИЙ ОБУЧЕНИЯ ПРИ ОРГАНИЗАЦИИ СЕМИНАРОВ ПО ИСТОРИИ АЗЕРБАЙДЖАНА В ВЫСШИХ ШКОЛАХ....................................163
*Afag Gasim gizi Gasimova*
FROM EXPERIENCE OF USING NEW TRAINING STRATEGIES IN THE ORGANIZATION OF SEMINARS OF HISTORY OF AZERBAIJAN IN HIGHER SCHOOLS..................................163

*Тагаева Г.С.*
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРЫНЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОРУС ТИЛИ ЖАНА ОКУУ БОЮНЧА ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИНИН ДЕҢГЭЭЛИН ЖОГОРУЛАТУУДА АКТИВДҮҮ МЕТОДДОР ТЕХНОЛОГИЯСЫ.......................167
*Тагаева Г.С.*
ТЕХНОЛОГИЯ АКТИВНЫХ МЕТОДОВ В ПОВЫШЕНИИ УРОВНЯ ДОСТИЖЕНИЙ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ ПО РУССКОМУ ЯЗЫКУ И ЧТЕНИЮ..............167
*G.S. Tagaeva*
TECHNOLOGY OF ACTIVE METHODS IN IMPROVE THE LEVELS OF ACHIEVEMENT PRIMARY SCHOOL PUPILS IN RUSSIAN LANGUAGE AND READING.........................167

*Жолдошалиева Ж.Э., Ногаев М.А.*
ПОЛИЭТНИКАЛЫК КЛАССТА ТИЛДИК (РЕЧТИК) КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ........171

*Жолдошалиева Ж.Э., Ногаев М.А.*
ОБ ОСОБЕННОСТЯХ ФОРМИРОВАНИЯ РЕЧЕВОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ В КЛАССЕ ПОЛИЭТНИЧЕСКОГО СОСТАВА..................................................171
*Zh.E. Zholdoshalieva, M.A. Nogaev*
PECULIARITIES OF FORMING SPEECH COMPETENCY IN APOLYETHNIC CLASS..................................................171

*Дуванаева К.Т.*
СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН ДИФФЕРЕНЦИРЛЕП УЮШТУРУУНУН ЭФФЕКТИВДҮҮ ЖОЛДОРУ..............................174
*Дуванаева К.Т.*
ЭФФЕКТИВНЫЕ ПУТИ ДИФФЕРЕНЦИРОВАННОЙ ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ СТУДЕНТОВ..................................................174
*K.T. Duvanaeva*
EFFECTIVE WAYS DIFFERENTIATED ORGANIZATION OF INDEPENDENT WORK OF STUDENTS....................................174

*Абдыгазиева Н.К.*
ЖОЖДОГУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АКТУАЛДУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ.................................................178
*Абдыгазиева Н.К.*
АКТУАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ В ВУЗЕ.........................................................178
*N.K. Abdygazieva*
ACTUAL PROBLEMS OF PROVISION OF EDUCATION IN UNIVERSITIES.................178

**ТИЛ ИЛИМДЕРИ**
**ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**
**PHILOLOGICAL SCIENCE**

*Бабашева Б.*
КЫРГЫЗ ЖАНА ОРУС ТИЛДЕРИНДЕГИ ДАРЕКТИК-МОДАЛДЫК КИРИНДИ КОНСТРУКЦИЯЛАР.....................180
*Бабашева Б.*
АДРЕСНО-МОДАЛЬНЫЕ ВВОДНЫЕ КОНСТРУКЦИИ КЫРГЫЗСКОГО И РУССКОГО ЯЗЫКОВ...................................180
*B. Babasheva*
ADDRESSABLE MODAL PARENTHETICAL CONSTRUCTIONS OF THE KYRGYZ AND RUSSIAN LANGUAGES........................180

*Бешкемпирова А.И.*
ТУУРАНДЫ СӨЗДӨРДҮН ТҮРКОЛОГИЯДА ИЗИЛДЕНИШИ................................................183
*Бешкемпирова А.И.*
ИССЛЕДОВАНИЕ ПОДРАЖАТЕЛЬНЫХ СЛОВ В ТЮРКОЛОГИИ...............................183
*A.I. Beshkempirova*
RESEARCHING IMITATIVE WORDS IN TURKIC....................................183

*Дарбанов Б.Е.*
ТЕКСТТИН ТҮШҮНҮҮ МОДЕЛДЕРИ (когнитивдик аспект)............................................187
*Дарбанов Б.Е.*
МОДЕЛИ ПОНИМАНИЯ ТЕКСТА (когнитивный аспект).............................................187
*B.E. Darbanov*
MODELS OF UNDERSTANDING OF THE TEXT (cognitive aspect).........................187



Тастыктаймын

КЕНСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ